**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**ЧОҢ-АЛАЙ РАЙОНУ**

**ЖЕКЕНДИ АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЧОҢ-АЛАЙСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ЖЕКЕНДИНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

Жекенди айылдык Кеңешинин депутаттарынын кезексиз он бешинчи сессиясынын

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 1-июнь № 28 Кара-Мык айылы

**Жекенди айылдык кеңешинин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө**

Эсептөө комиссиясынын Жекенди айылдык кеңешинин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндөгү № 2-протоколун жана Эсептөө комиссиясынын төрагасынын маалыматын угуп, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 14-мартындагы №56-буйругу менен бекитилген типтүү регламентин жетекчиликке алуу менен, токтом кылат:

1. Эсептөө комиссиясынын Жекенди айылдык кеңештин төрагасын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө 2026-жылдын №2-протоколу бекитилсин.
2. Жекенди айылдык кеңештин төрагасына болуп Амирбеков Акматали Жапарович шайлангандыгы таанылсын.
3. Бул токтом расмий булактарга жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.
4. Жекенди айылдык кеңешинин жооптуу катчысы бул токтомду каттоодон өткөрүшсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн тиешелүү Ош юстиция башкармалыгынан каттоодон өткөрүлсүн.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **А.Амирбеков**

Жекенди айылдык кенештин төрагасын шайлоо боюнча Эсептөө комиссиясынын
№ 2-протоколу

01.06. 2026-жыл Кара-Мык айылы

Катышышты:

Эсептөө комиссиясынын торагасы -Исабеков Машрап

Эсептөө комиссиясынын катчысы -Калыкова Сайкал

Эсептөө комиссиясынын мүчолорү -Абдукалилов Аклидин

Күн тартиби:

1.Жекенди айылдык кенештин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы жөнүндө.

Эсептөө комиссиясынын төрайымы Исабеков Машрап

күн тартиби, Жекенди айылдык кенештин төрагасы шайлоо, добуш берүүнүн тартиби, бекитилген шайлоо бюллетенинин формасы менен тааныштырды.

Жекенди айылдык кенештин төрагасынын кызматына төмөндөгү 1 талапкер сунушталган :

1. Амирбеков Акматали Жапарович

Жекенди айылдык кенештин төрагасын шайлоонун жыйынтыгы боюнча, эсептөө комиссиясы аныктады:

1. Жекенди айылдык кенештин депутаттарынын жалпы саны -21 (жыйырма бир)

2.Даярдалган шайлоо бюллетендеринин саны – 21(жыйырма бир)

3.Добуш берүүгө катышышкан депутаттардын саны -13 (он үч)

4.Депутаттарга берилген шайлоо бюллетендердин саны -13 (онт үч)

5. Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендердин саны-8 (сегиз)

6. Добуш берүү учүн урнадан чыгарылган шайлоо бюллетендердин саны-13 (он үч)

7. Жарактуу шайлоо бюллетендердин саны- 13 (он үч)

8.Жараксыз шайлоо бюллетендердин саны-8 (сегиз)

Талапкерлердин пайдасына берилген добуштардын саны

1. Амирбеков АКматали Жапарович - 13 (он үч ) добуш.

Жекенди айылдык кенештин төрагасынын кызматына бир талапкер боюнча шайлоонун жыйынтыгы аныкталды, ушуга ылайык эсептөө комиссиясы

**чечти:**

1. Добуш берүүнүн жыйынтыгы боюнча депутаттардын көпчүлүк добушун алгандыктан Амирбеков Акматали Жапарович Жекенди айылдык кенешинин төрагасы болуп шайлангандыгы таанылсын.

2. Бул протокол Жекенди айылдык кенештин сессиясына бекитүү үчүн жиберилсин.

Эсептөө комиссиясынын төрайымы М.Исабеков

Эсептөө комиссиясынын катчысы С.Калыкова